**Бишкек шаарындагы №35 орто мектебинин башталгыч классынын мугалими Акунова Жүзүмкан Асанкалыевнанын 2020-2021-окуу жылынын жыл ичинде аткарган ишинин анализи**

Быйылкы 2020-2021-окуу жылында мен 4 "б" классына класс жетекчилик иш алып барып жатам. Быйылкы окуу жылын 29 окуучу ийгиликтүү 4-классты аяктап, 5-класска көчүрүлдү. Анын ичинен 15 эркек бала, 14 кыздар.

Окуучуларга билим жана тарбия берүүдөгү тандап алган методикалык темам: «Башталгыч классынын окуучуларын математика сабагына кызыктырууда инновациялык технологиялардын ролу». Бул теманын үстүндө иштөөдө окуучуларды математика сабагына кызыгуусун артыруу. Быйылкы окуу жылы аралыктан окутуу болгондуктан балдарга билим, тарбия берүүдө ТСОну пайдалануу аркылуу көптөгөн программаларды өздөштүрүүгө, ар кандай сайттарды колдонууга туура келгендиктен ар убакта изденүүнүн үстүндө иш алып баруудамын. Мисалга айта кетсем сабак өтүүдө: WhatsApp, classroom, Telegram, Zoom программаларын колдонуп келем.

- ✓ Окуу жылынын башында сабактарга календарлык-тематикалык пландарды түзүп, мектептин администрациясы тарабынан бекиттирдим.
- ✓ Быйылкы окуу жылына окуучулардын тиешелүү документтерин толуктоо иштерин жүргүздүм.
- ✓ Окуу жылы ичиндеги келип-кеткен окуучулардын тиешелүү документтерин толуктоо иштерин жүргүздүм.
- ✓ Өлкөдөгү кырдаалга байланыштуу аралыктан окутууда ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, ар бир бала татыктуу билим алуу үчүн тиешелүү шарттарды түзүп берүүлөрү, ар бир бала мобилдик телефон менен о.э. ар бир үйдө сыналгы менен камсыз болгондугу тууралуу маалыматтар топтолду.
- ✓ Сентябрь айында окуучуларга ЖЖЭ жана ТКЭ боюнча инструктаж өтүп, түшүндүрүү иштерин алып бардым.
- ✓ 8-сентябрь "Сабаттуулулук" күнүнө карата "Мен сабаттуу болом" деген темада класстан тышкаркы саат өткөрүп, балдар сабатуулуктун жашоодогу маанисин түшүнө алышты.
- ✓ 1-октябрь карылар күнүнө карата "Карысы бардын, ырысы бар" жана "Мугалим-мөмөлүү дарак" деген темаларда ачык сабактар өтүлдү. Бул сабактарда балдар улуу муундагы адамдардын, ата, апаларыбыздын о.э. балдарга билимин берип келген мугалим агай, эжелерибизди урматтап, сыйлоо керектигин айтышып, көркөм чыгармаларды окушуп, ошондой эле обондуу ырларды да аткарган видеолорун жиберишти.

Scanned with CamScanner

- ✓ Азыркы жагдайга байланыштуу балдардын ар кандай жугуштуу оорулардан сак болуулары, өздөрүн таза алып жүрүүлөрүү эрежелери тууралуу “Жугуштуу оорудан сактан!”, “Таза бол!” аттуу класстык сааттар өткөрүлдү.
- ✓ Октябрь айындагы башталгыч класстарынын декадасына байланыштуу 26. 10. 2020-жылы математика сабагынан “Кошуу амалынын касиеттери” деген темада сабак өтүлдү. Сабак онлайн болгондуктан сабакка тиешелүү видеоматериялдар даярдалып, берилүүчү тапшырмалардын суроолору алдын ала балдарга жеткиликтүү, түшүнүктүү кылып берүүгө, о.э. кайтарым байланыш жасоодо кыскача суроо-жооптор аркылуу окуучулардын теманы түшүнгөндүгү тууралуу аныкталды.
- ✓ Декада убагындагы 19. 10. 2020-жылы өткөрүлгөн класстан тышкаркы саатта азыркы мезгилдин жагдайына байланыштуу сабактын темасын “Тазалык-өмүр булагы” деп тандап алдым. Бул сабактан балдар менен азыркы учурдагы жүрүп жаткан вирус боюнча, анын пайда болушу, андан сактануу жолу жөнүндө аңгемелештик. Алгач сабакта тазалык жөнүндө видео көрсөтүлүп, сабакты жыйынтыктоодо тазалыкты сатоонун жолдору тууралуу тест алынды. Сабактан алган маалыматтары балдар ой бөлүшүштү.
- ✓ 3-декабрь “Манас” күнүнө карата башталгыч класстарынын арасында уюштурулган “Манас айтуу” жана сүрөт конкурсуна жөндөмдүү окуучулар өз өнөрлөрүн көрсөтө алышты.
- ✓ Кыргыз элинин сыймыгы болгон улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун 12-декабрь туулган күнүнө карата жазуучунун өмүр баяны, басып өткөн жолу, чыгармачылыгы тууралуу кыскача видеосабак даярдалып, балдарга сунушталды. Балдар видеосабактан көргөндөрү жана о.э. өздөрүнүн жазуучубуз жөнүндө билгендери тууралуу ой бөлүшүштү.
- ✓ Методикалык тажрыйба алмашуу максатында башталгыч класстарындагы математика сабагынан окуу китебин окутуу боюнча семинарга катыштым.
- ✓ Жаңы жыл майрамынын алдында балдарга жагымдуу маанай тартылоо максатында “Жаңы жыл майрамынын келип чыгыш тарыхы” тууралуу кыскача видеосабак даярдалып, о.э. бул сабакта ырлар, куттуктоолор балдарга сунушталды. Ал эми окуучулар тарабынан жаңы жыл тууралуу сүрөттөрдү тартышып, көркөм ырларды, каалоо тилектерди айтышты.
- ✓ Өз билимимди жогорулатууда “Окуу керемет” долбооруна катышып, китеп окуу боюнча көптөгөн методикалык жардам алуудамын.
- ✓ 2021-жылдын 9-мартынан баштап 4-класстын окуучулары оффлайн билим алууга кайрадан өткөндүккө байланыштуу окуу бөлмөлөрүн санитардык талапка ылайык тазалоо иштерин жүрүздүм.
- ✓ Окуучуларга жана алардын ата-энелерине оффлайын билим алуунун эрежелерин түшүндүрүү иштерин жүргүздүм.
- ✓ Ар бир ай ичинде окуучуларга ЖЖЭ жана ТКЭ боюнча инструктаж өтүп, түшүндүрүү иштерин алып бардым.

Scanned with CamScanner

- ✓ 23-февраль “Ата Мекенди когоо” күнүнө, 3-март “КРнын туусунун” күнү, 5-март “Ак калпак” күнүнө ж.о.э. 8-март “Апалардын майрамы”, 21-март “Нооруз” күнүнө карата иш чаралар уюштурулуп, класстык сааттар өтүлдү.
- ✓ 29-апрель Бишкек шаарынын күнүнө карата “Менин жашыл шаарым” деген темада класстык саат өткөрүлдү.
- ✓ 1-май Эмгекчилердин эл аралык күнүнө карата “Иштесең-тиштейсиң” деген темада класстык саат өткөрүлдү.
- ✓ 9-май Жеңиш күнүнө карата “Аталардын эрдиги” деген темада класстык саат өткөрүлдү.
- ✓ 15-май Үй-бүлөнүн эл аралык күнүнө карата «Ар бир үйдө тынчтык болсун!» деген темада класстык саат өткөрүлдү.
- ✓ Билим берүү башкармалылыгынан билим деңгээлинин сапатын текшерүү максатында:
  Математика сабагынан 12.05.2021-ж. текшерүү иши жүргүзүлүп, көрсөткүчү төмөнкүдөй жыйынтыкка ээ болду.

| № к/н | Тизме боюнча окуучулар-дын саны | Аткарган окуучулар-дын саны | Баалоонун жыйынтыгы | | | | Окуу көрсөткүчтөрү | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | “5” | “4” | “3” | “2” | Билим сапаты % | Жетишүүсү % | Билим даражасы % |
| 1 | 29 | 29 | 6 | 7 | 14 | 2 | 45 | 93 | 55 |

Кыргыз тили сабагынан 18.05.2021-ж. жат жазуу иши алынып, көсөткүчү төмөнкүдөй жыйынтыкка ээ болду.


| № к/н | Тизме боюнча окуучулар-дын саны | Аткарган окуучулар-дын саны | Баалоонун жыйынтыгы | | | | Окуу көрсөткүчтөрү | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | “5” | “4” | “3” | “2” | Билим сапаты % | Жетишүүсү % | Билим даражасы % |
| 1 | 29 | 28 | 6 | 9 | 12 | 1 | 54 | 96 | 58 |

- ✓ Адабий окуу сабагынан “Окуу керемет” долбоору боюнча сабак өтүүдө долбоордун техникаларын колдонулуп жаткандыгын көзөмөлдөө максатында тренердин сабакка катышуусу менен “Кыргыз үй буюмдары” деген темада сабак көрсөтүлдү.
- ✓ Ар бир чейректи жыйынтыктоодо математика жана кыргыз тили сабактарынан жазуу иштери алынды.

Scanned with CamScanner

✓ Чейректердин аягында ар бир сабактан чейректик баалар коюлуп, жыйынтыктар чыгарылды. Алар төмөнкүдөй көрсөткүчтөргө ээ болду.

| 1-чейрек боюнча | | | 2-чейрек боюнча | | 3-чейрек боюнча | | | 4-чейрек боюнча | | Жылдык жыйынтык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **№** | **Предметтер** | **билим сапаты** | **жетишүүсү** | **билим сапаты** | **жетишүүсү** | **билим сапаты** | **жетишүүсү** | **билим сапаты** | **жетишүүсү** | **билим сапаты** | **жетишүүсү** |
| 1 | Адабий окуу | 59 % | 100 % | 77 % | 100 % | 65 % | 100 % | 72 % | 100 % | 76 % | 100 % |
| 2 | Кыргыз тили | 55 % | 100 % | 70 % | 100 % | 62 % | 100 % | 52 % | 100 % | 55 % | 100 % |
| 3 | Математика | 55 % | 100 % | 59 % | 100 % | 48 % | 100 % | 52 % | 100 % | 48 % | 100 % |
| 4 | Мекен таануу | 63 % | 100 % | 77 % | 100 % | 76 % | 100 % | 76 % | 100 % | 76 % | 100 % |
| 5 | Көркөм өнөр | 48 % | 100 % | 85 % | 100 % | 100 % | 100 % | 90 % | 100 % | 97 % | 100 % |




Окуу жылынын жыйынтыгында билим берүү сапаты: 41 %, ал эми жетишүүсү: 100 % көрсөтө алды.

Scanned with CamScanner